*«Акча Булак» МКК» ЖЧКнын*
*Башкы директору*
*тарабынан 10.01.2023-ж.*
*бекитилди*

*Өзгөртүүлөр бекитилген*
*күн: 11.11.2025-ж.*

# КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ АЧЫК ОФЕРТА

Бул Керектөө кредити жөнүндө келишим түзүүгө карата ачык оферта (мындан ары - **Оферта**) жеке жактарга багытталган жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык,

**«Акча Булак» микрокредиттик компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коомунун** (мындан ары - **Кредитор**)

Кредитор менен төмөндө берилген шарттарда Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүгө карата сунушу болуп саналат, анын шарттары бул Офертада камтылган (мындан ары – Керектөө кредити жөнүндө келишим).

Керектөө кредити жөнүндө келишим Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 394-беренесинин, 395-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Кредитор тарабынан Кредитордун талаптарына жооп берген иш-аракетке жөндөмдүү жеке жак (мындан ары – **Карыз алуучу**) тарабынан **www.akchabulak.kg** сайтында (мындан ары – **Кредитордун сайты**) жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинде (мындан ары – **Мобилдик тиркеме**) жарыяланган бул Офертанын тартибине жана «Акча Булак» МКК» жоопкерчилиги чектелген коомунун Электрондук кол тамганы колдонуу тартибине (мындан ары - **Тартип**) ылайык бул Офертаны кабыл алгандыгы тууралуу кол тамгасы менен тастыкталган жооп (мындан ары - **Акцепт**) алынган учурдан тарта Офертада белгиленген шарттарда түзүлдү деп эсептелет. Акцепт Офертанын шарттарын толук жана милдеттүү кабыл алуу катары эсептелет. Бул болсо, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399, 402-беренелерине ылайык, Карыз алуучу тарабынан кредиттин берилиши үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Кредитордун ички ченемдик документтерине ылайык бардык керектүү документтерди берүүсү, ошондой эле Карыз алуучунун Тартипке кошулуусу шарты менен бул Офертаны түзгөнүн (Офертага кол койгонун) жана бардык шарттарын кабыл алгандыгын билдирет. Акцепт Керектөө кредити жөнүндө келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат (бул Оферта сыяктуу эле).

## 1. КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ ЖАНА КРЕДИТ БЕРҮҮ ШАРТТАРЫ

1.1. Кредитор Карыз алуучуга аралыктан/дистанциялык тейлөө каналы аркылуу накталай эмес формада, белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген

Кредитордун кардарын аралыктан тейлөө режиминде идентификациялоо жана верификациялоо учурунда уруксат берилген операцияларды жана финансылык инструменттердин функционалын дифференциациялоону колдонууну эске алуу менен түзүлгөн суммада акча каражаттарын (мындан ары - **кредит**) төмөнкү максаттарда бере алат:

1.1.1. Керектөө максаттары үчүн кредит. Бул учурда кредит Карыз алуучу тандаган кредиттик өнүмдүн шарттарында каралган мөөнөткө Карыз алуучуга берилет. Кредиттик каражаттарды чегерүү үчүн инструмент катарында, Карыз алуучулардын идентификацияланган электрондук капчыктарын кошуп, бирок алар менен чектелбестен ар кандай инструменттер колдонула алат.

1.1.2. Кредитор менен кызматташтык жөнүндө макулдашуу түзгөн соода түйүнүнөн (мындан ары - СТИ) товарларды/кызматтарды (мындан ары - товар) сатып алууга кредит. Бул учурда Кредитор Карыз алуучуга жаңыланма кредиттик лимит түрүндө кредиттик сызык белгилейт, Карыз алуучу мурунку өтүнмөлөр боюнча карыздарды төккөндөн кийин төгүүнүн суммасы белгиленген кредиттик лимиттин алкагында Карыз алуучу тарабынан кайталап колдонуу үчүн жеткиликтүү, Карыз алуучу Мобилдик тиркеме аркылуу жөнөтүлүүчү өтүнмө боюнча белгиленген кредиттик лимиттин алкагында кредитти колдонууга укуктуу. Кредиттик лимит Карыз алуучу тандаган кредиттик өнүмдүн шарттарында каралган мөөнөткө Карыз алуучуга берилет. Кредиттик лимит кредиттик сызыктын тийиштүү өнүмү боюнча Өтүнмөнү берген учурда Карыз алуучунун жеке кабинетинде чагылдырылат. Кредитти берүү, Карыз алуучуга берилген кредиттин лимитинин алкагында Мобилдик тиркеме аркылуу жөнөтүлүүчү Карыз алуучунун өтүнмөсү боюнча товарды төлөө эсебинен СТИнин пайдасына акчаларды чегерүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Карыз алуучу сатып алган товарларды төлөө Кредитор жана СТИ тарабынан аныкталган шарттарда жүзөгө ашырылат. Эгерде Керектөө кредити жөнүндө келишимде башкасы каралбаса, мурда кандай окуя болгонуна карабастан Кардар товарды алган же товар төлөнгөн учурдан тартып берилди деп эсептелет,

ал эми Карыз алуучу кредиттин мөөнөтү аяктаганга чейин Керектөө кредити жөнүндө келишимде жана тийиштүү кредиттик өнүмдө белгиленген шарттарда кредитти кайтарып, пайыздарын төлөп берүүгө милдеттенет. Кредитти накталай формада жана/же Карыз алуучунун коммерциялык банкта ачылган талап боюнча төлөнүүчү банктык аманаттары (депозиттери) боюнча эсептешүү (учурдагы) эсебине алууга жол берилет. Кредитор тарабынан кредиттин накталай формада жана/же Карыз алуучунун коммерциялык банкта ачылган талап боюнча төлөнүүчү банктык аманаттары (депозиттери) боюнча эсептешүү (учурдагы) эсебине берилишинин тартиби Керектөө кредити жөнүндө келишимде жана тиешелүү кредиттик өнүмдө каралган шарттарда, Карыз алуучу тарабынан тиешелүү режимди тандоо аркылуу аралыктан берилет. Ушуну менен бирге Кредитор террордук ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарга ылайык, Карыз алуучуну талаптагыдай текшерүү максатында кошумча иш-чараларды өткөрүүгө укуктуу.

Накталай эмес формада кредит алуу боюнча өтүнмө берүү жана кредитти алуу Кредиторго барып отурбастан, Мобилдик тиркеме же Кредитордун сайты аркылуу ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, жөнөкөй электрондук кол тамга аркылуу кол коюу менен түзүлгөн келишимдер боюнча Кредитор тарабынан аралыктан идентификациядан жана верификациядан өткөн карыз алуучулар үчүн кредиттин суммасы 15 000 (он беш миң) сомдон жогору болбош керек жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, күчөтүлгөн квалификацияланбаган электрондук кол тамга аркылуу кол коюу менен түзүлгөн келишимдер боюнча Кредитор тарабынан аралыктан идентификациядан жана верификациядан өткөн карыз алуучулар үчүн кредиттин суммасы 150 000 (бир жүз элүү миң) сомдон жогору болбош керек.

Кредитор тарабынан Карыз алуучуга берилген кредиттин суммасы жөнөкөй электрондук кол тамга аркылуу кол коюу менен түзүлгөн келишимдер боюнча 15 000 (он беш миң) сомдон жогору болбош керек жана күчөтүлгөн квалификацияланбаган электрондук кол тамга аркылуу (техникалык ишке ашырууда) кол коюу менен түзүлгөн келишимдер боюнча 150 000 (бир жүз элүү миң) сомдон жогору болбош керек жана Кредитор тарабынан өз ыктыяры менен Карыз алуучу берген маалыматка жана Карыз алуучу тандаган кредиттик өнүмгө жараша белгиленет. Ушуну менен бирге Карыз алуучунун бардык операцияларынын жалпы суммасы, төгүүлөргө жана кредиттин жана/же кредиттик лимиттин калдыгы бар экенине карабастан, анын ичинде көрсөтүлгөн суммаларды колдонгондон кийин, бир айдын ичинде 30 000 (отуз миң) сомдон жогору болбош керек.

Электрондук кол тамганы колдонуу менен Керектөө кредити жөнүндө келишимге кол коюу аркылуу Мобилдик тиркеме же Кредитордун сайты аркылуу тариздeлүүчү кредиттер үчүн минималдуу токтотуп туруу мезгили белгиленет, ал мезгилдин ичинде Кредитор Карыз алуучуга акча каражаттарын которууну жүргүзбөйт (Токтотуп туруу мезгили):

- 50 001 (элүү миң бир) сомдон 100 000 (жүз миң 00) сомго чейинки кредиттер үчүн - 4 (төрт) саат;
- 100 001 (жүз миң бир) сомдон жогору кредиттер үчүн - 12 (он эки) саат.

100 000 (жүз миң) сомдон жогору кредиттер үчүн көрсөтүлгөн токтотуп туруу мезгили ичинде Кредитор кредитти тариздөө үчүн Карыз алуучунун тастыктамасын алуу максатында Карыз алуучуга телефон чалууга милдеттенет. Мында Карыз алуучу Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарына макулдугун тастыктоону документтештирүү максатында бул чалуу жазылаарына макул болот.

Карыз алуучу электрондук кол тамганы колдонуу менен Акцептке кол коюу аркылуу Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарын кабыл алуу менен, телефон чалууну жана сүйлөшүүнү жаздырууга өзүнүн макулдугун ырастайт, ошондой эле талаш жагдайлар келип чыккан учурда ал жазуу Кредитор тарабынан колдонулушу мүмкүн экендигин ырастайт.

Карыз алуучу токтотуп туруу мезгили ичинде (12 саат) 100 000 (жүз миң) сомдон ашык кредитти тариздөөнү тастыктоодон баш тарткан учурда же телефон аркылуу макулдашуу жок болгон учурда, Керектөө кредити

жөнүндө келишим Кредитор тарабынан бир тараптуу бузулууга тийиш. Мында Карыз алуучуга акча каражаттары которулбайт, ал эми Тараптардын ушул Келишим боюнча бардык милдеттенмелери токтотулат. Карыз алуучу Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарын кабыл алуу менен Керектөө кредити жөнүндө келишимдин мындай бузулушу мүмкүн экендигине өзүнүн толук макулдугун тастыктайт.

Эгерде Кредитор өтүнмөдө көрсөтүлгөн телефон номери аркылуу Карыз алуучу менен байланыша албаса, же болбосо Карыз алуучу Кредитор менен иштөөдөн же кредиттин шарттарын талкуулоодон баш тартса, анда Керектөө кредити жөнүндө келишим да токтотуп туруу мезгилинен кийин бузулууга тийиш. Кредитор келишимди бузууну кредитти тариздөөгө байланышкан бардык жол-жоболордун аяктагандыгы катары белгилейт, аны Карыз алуучу өзүнүн макулдугу менен ырастайт.

Токтотуп туруу мезгили Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык суммасы 50 000 (элүү миң) сомдон аз болгон кредиттерге колдонулбайт.

Токтотуп туруу мезгили аралыктан тейлөө каналдары аркылуу берилүүчү кредиттерге карата да колдонулбайт, эгерде мындай кредиттер боюнча акча каражаттар Карыз алуучуга түздөн-түз берилбестен, сатуучуга/жабдуучуга түздөн-түз которулса (товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга бөлүп төлөө ж.б.).

Бул Керектөө кредити жөнүндө келишимдин алкагында Кредитордун кредиттик өнүмдөрү боюнча операциялардын суммалары боюнча лимиттер өз ара байланышкан, жана Кредитордун кредиттик өнүмдөрүнүн бири боюнча бир лимитти колдонуу жана Кредитордун башка кредиттик өнүмү боюнча башка лимитти төмөндөтөт. Лимиттер Кредитордун жайгашкан жери боюнча Карыз алуучунун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча чоңойтулушу мүмкүн.

1.2. Пайыз, эгерде башкасы Керектөө кредити жөнүндө келишимде белгиленбесе, кредит берилген күндөн тартып кредитти толугу менен кайтарып берген күнгө чейинки кредиттин негизги суммасынын калдыгына эсептелип кошулат. Пайыз, эгерде башкасы Керектөө кредити жөнүндө келишимде белгиленбесе, бир жылдагы күндөрдүн санына жана бир айдагы күндөрдүн санына жараша эсептелет.

1.3. Керектөө кредити жөнүндө келишим анын кийинки эки ажырагыс бөлүгүнөн турат:

1.3.1. бул Офертада камтылган жалпы шарттар;

1.3.2. Акцептте камтылган төмөнкүлөр сыяктуу жеке шарттар:

1.3.2.1. Карыз алуучунун реквизиттери (аты-жөнү, паспорттук маалыматтары);

1.3.2.2. кредиттин суммасы;

1.3.2.3. кредиттин мөөнөтү;

1.3.2.4. кредиттин максаты;

1.3.2.5. кредит алынган/ Кредиттик линия белгиленген күн/Керектөө кредити жөнүндө келишим түзүлгөн күн;

1.3.2.6. кредит боюнча бир жылдык номиалдык коюм;

1.3.2.7. кредит боюнча бир жылдык натыйжалуу пайыздык коюм;

1.3.2.8. Кредит төгүлө турган күн катары баштапкы Кредит төгүү графиги;
1.3.2.9. кредит төгүү/ төлөмдөрдү төлөө/өткөрүү үчүн реквизит.
1.3.2.10. өнүмдүн шарттарына жараша башка жеке шарттар.
1.4. Кредиттин суммасы жана мөөнөтү Карыз алуучунун өтүнмөсүнүн жана Кредитор тарабынан жүргүзүлгөн анализдин/баалоонун негизинде баалоо параметрлерине таянып белгиленет. Карыз алуучуга берилүүчү кредиттин суммасы кредиттин бекитилген суммасынан жана Карыз алуучу тандап алган кредитти алуу ыкмасына жараша Кредитордун сайтында жайгаштырылган «Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын кызмат көрсөтүү шарттарына жана Тарифтерине ылайык Карыз алуучунун электрондук капчыгына, коммерциялык банкта ачылган эсептешүү эсебине же банктык картасына кредитти накталай эмес которууга байланышкан үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдүн суммасынан турат. Карыз алуучу кредитти накталай эмес которууга байланышкан үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдүн суммасы кредиттин суммасына кошуларына, ушуга байланыштуу кредиттин суммасы жогоруда көрсөтүлгөн үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдүн эсебинен көбөйүшү мүмкүн экендигине макул болот. Карыз алуучу Кредиторго Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык андан ары үчүнчү жактарга которуу максатында кредит берүү учурунда кредиттин суммасынан үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдүн суммасын кармап калууну тапшырат.
1.5. Кредит билдирмеге ылайык Карыз алуучунун тапшыруусу боюнча кредиттин суммасын чегерүү жолу менен Керектөө кредити жөнүндө келишимде каралган мөөнөттө жана шарттарда накталай эмес формада берилет.
1.6. Кредит, эгерде башкасы Керектөө кредити жөнүндө келишимде каралбаса, карыз алуучу тарабынан Жеке кабинеттен Карыз алуучунун акча каражаттарынын эсебинен төлөнөт.
1.7. Эгерде төлөнө турган сумма саат 23:59дан кийин төгүлсө, кредит эртеси күнү төлөндү деп эсептелет.

## 2. КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

2.1. Керектөө кредити жөнүндө келишим Карыз алуучунун мобилдик түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркемеге же Кредитордун сайтындагы Карыз алуучунун жеке кабинетине койгон жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен же күчөтүлгөн квалификацияланбаган электрондук кол тамгасы менен (техникалык ишке ашырууда) бул Офертаны акцепттөөсү аркылуу түзүлөт. Кредитор тарабынан Карыз алуучунун Акцептинин алынышы Керектөө кредити жөнүндө келишимин түзүүсү катары кабыл алынат (Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүү үчүн Кредитордун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы талап кылынбайт). Жөнөкөй электрондук кол тамга менен тастыкталган Акцепт Карыз алуучу тарабынан өз колу менен кол койгон кагаз ташуучудагы акцепт менен барабар.
2.2. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы сыпатында Кредитор менен генерацияланган жана Карыз алуучунун өтүнмөсүндө көрсөтүлгөн мобилдик телефондун номерине жиберилген бир жолу

колдонулуучу код эсептелет. Жөнөкөй электрондук кол тамга/код Карыз алуучунун өз колу менен койгон кол тамгасынын аналогу болуп саналат.
2.3. Жөнөкөй электрондук кол тамганын колдонулушу Карыз алуучунун өз колу менен койгон кол тамгасынын эквиваленти, Карыз алуучуну идентификациялоонун жана электрондук документтин бүтүндүгүн текшерүүнүн инструменти катары эсептелет.
2.4. Оферта менен Керектөө кредити жөнүндө келишимин жөнөкөй электрондук кол тамга менен тастыктоо Кредитор тарабынан Кредит берүү чечиминин кепилдиги катары кабыл алынбайт.
2.5. Акцептке кол коюлгандан (Керектөө кредити жөнүндө келишим түзүлгөндөн) кийин Кредитор 30 (отуз) календардык күндөн ашпаган мөөнөттө Карыз алуучуга Акцепттин, Офертанын жана башка коштоочу макулдашуулардын жана тиркемелердин текстин жүктөп/скриншот кылып алуусун камсыз кылуу үчүн Карыз алуучуга жеке кабинетинде Акцепттин текстине (кол коюлган Акцептке, Офертага жана башка коштоочу макулдашууларга жана тиркемелерге) жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.
2.6. Карыз алуучу жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу менен ишке ашырылган операциялар менен бүтүмдөрдүн юридикалык маанисинен кабардар жана аларды түшүнөт.
2.7. Карыз алуучу жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлган бул документтин кайра чакырып алынбай турганын жана кагаз ташуучудагы документ менен барабар экенин түшүнөт.
2.8. Акцептке кол коюудагы иш-аракеттердин тартиби жана Кредитор менен Карыз алуучунун ортосундагы жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонууга байланыштуу башка мамилелер **www.akchabulak.kg** сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жарыяланган «Акча Булак» Микрокредиттик компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коомунун Электрондук кол тамганы колдонуу тартибине ылайык жөнгө салынат.

## 3. КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИН ТАРАПТАРЫНЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Карыз алуучунун милдеттери:
3.1.1. берилген кредитти бул Керектөө кредити жөнүндө келишиминде белгиленген максаттарга гана колдонуу, кредит менен пайыздарын Төлөө графигине ылайык Кредит төгүлө турган күнү төгүү;
3.1.2. бул Келишимде каралган мөөнөттөргө жана шарттарга ылайык Кредитор тарабынан эсептен чыгаруу үчүн акча каражаттарынын керектүү суммасынын болуусун камсыздоо;
3.1.3. чыгымдарды (төлөмдөрдү) жана үстөк айыпты https://www.akchabulak.kg сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жарыяланган «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерине жана шарттарына ылайык, Карыз алуучунун Чыгымдарынын (төлөмдөрүнүн) жана айыптык санкциялардын тизмесине ылайык төлөө;
3.1.4. Карыз алуучу кредит менен байланышкан комиссияларды https://www.akchabulak.kg сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жарыяланган «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринде жана шарттарында көрсөтүлгөн айыптык санкцияларда

белгиленген өлчөмдө төлөйт. Карыз алуучуга үчүнчү жактын кызматтары түрүндөгү кредитке байланыштуу кошумча чыгымдар банкка көз каранды болбогон жана ошол үчүнчү жактар тарабынан каалаган убакта өз каалоосу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн болгон үчүнчү жактардын тарифтерине ылайык алынат деп эскертилген. Карыз алуучу мындай өзгөртүүлөр менен алдын ала макул болот;

3.1.5. Акцептке ылайык ар бир кечиктирилген күн үчүн пайыздар жана/же негизги сумма боюнча кечиктирилген суммага туумдарды төлөө;

3.1.6. жашаган жеринин, жеке маалыматтарынын, телефон номеринин ж.б. өзгөргөндүгү тууралуу Кредиторго жазуу жүзүндө билдирүү (өзгөрүүлөр болгон күндөн тарта календардык беш күндөн кеч эмес убакыт ичинде);

3.1.7. кредиттин керектөө муктаждыктарына максаттуу колдонулушун камсыздоо жана алынган кредитти Кредитордун кызматкерлерин кошкондо жана/же Акцептте, башка кишилерге бербөө;

3.1.8. Кредитордун талабынын негизинде финансылык отчёт жана башка документтерди, анын ичинде Карыз алуучунун кредитти максаттуу пайдалангандыгын тастыктоочу документтерди берүү;

3.1.9. башка кредиттик уюмдарда кредити бар жана башка кишилерге карызы, анын ичинде жакын туугандарынын кредиттери/карыздары бар экендиги жөнүндө жок дегенде жарым жылда бир жолу маалымат берип туруу;

3.1.10. Карыз алуучу башка кишилер тарабынан Колдонуучунун атынан Кредитордун сайтындагы жеке кабинети аркылуу же Карыз алуучунун Түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркеме аркылуу, ошондой эле Карыз алуучунун Түзүлүшүнө орнотулган тиркемелер менен программалардын, же болбосо Мобилдик тиркемедеги же Кредитордун сайтындагы жеке кабинеттеги анын идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарынын жардамы менен аткарылган иш-аракеттер үчүн, ошондой эле Кредиторго байланышпаган себептерден улам мүмкүндүк алуудан ажыраган учурларда келип чыккан тобокелдиктер менен жоопкерчиликти өз моюнуна алат;

3.1.11. бул Керектөө кредити жөнүндө келишимдин алкагында алынган СТИнин товарларынын/кызматтарынын сапатына байланыштуу дооматтарды Кредиторго койбоо;

3.1.12. бул Керектөө кредити жөнүндө келишимди колдонуу мезгилинде актуалдуу идентификациялык маалыматтарды сактоо, жана инсандыгын тастыктоочу документтердин колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен учурда, идентификациянын актуалдуу макамын жаңыртуу боюнча процедурадан өтүү;

3.1.13. карыздарды төлөө боюнча милдеттенмелерди аткаруу күнү, аталган Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарын аткаруунун алкагында Кредиторго Карыз алуучунун электрондук капчыктарынан, эсептеринен кредит боюнча карыздарды, ошондой эле техникалык үзгүлтүктөрдүн, анын ичинде үчүнчү жактардын айынан жаңылыш чегерилген акча каражаттарды чыгаруу боюнча мүмкүн болгон чараларды колдонуу укугун берүү;

3.1.14. эгерде Кыргыз Республикасынын керектөө кредити жөнүндө мыйзамдарына ылайык Кредитор тарабынан эсептелген карыз жүгүнүн көрсөткүчү 60 (алтымыш) пайыздан ашса, анда ушул Келишимге кол койгонго чейин карыздык жүк жогору болгон учурдагы тобокелдиктер жөнүндө билдирүү менен таанышып чыгуу зарыл, бул Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калуу тобокелдиктери жана келишимдик милдеттенмелер бузулган учурда колдонулуучу жоопкерчиликтин мүмкүн болуучу чаралары менен толук таанышып чыгуу менен карыздык жүк жогору болгон учурдагы тобокелдиктер жөнүндө билдирүүгө кол коюу менен тастыкталат.

3.2. Карыз алуучунун укуктары:

3.2.1. кредитти каалаган учурда эч кандай комиссиясыз, айыптык санкциясыз жана башка төлөмсүз мөөнөтүнөн мурда төгүү.

3.2.2.Керектөө кредити жөнүндө келишимге кол койгондон кийин акча каражаттарын алганга чейин кредит алуудан кайтарымсыз негизде баш тартуу.

3.3. Кредитордун милдеттери:

3.3.1. Карыз алуучу менен Керектөө кредити жөнүндө келишимин түзүүгө (кол коюуга) чейин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, Карыз алуучуга Карыз алуучунун эскерткичи болуп саналган Потенциалдуу кредит жөнүндөгү негизги маалыматтар баракчасын берүү;

3.3.2.Карыз алуучунун жазуу жүзүндөгү сурамы боюнча сурамды алган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде кредиттин алынышы, кредиттик тартиптин сакталышы, мөөнөтү өтүп кеткен карызынын жок/бар экендиги тууралуу маалымат берүү;

3.3.3.Карыз алуучунун эсеби жөнүндө ачык жана так маалымат (эсептин, чектин көчүрмөлөрүн, баланстын абалын, кредит боюнча төлөмдүн бышыктоосун жана башка керектүү маалыматты) берүү;

3.3.4. эгерде Кыргыз Республикасынын керектөө кредити жөнүндө мыйзамдарына ылайык эсептелген Карыз алуучунун карыздык жүгүнүн көрсөткүчү 60 (алтымыш) пайыздан ашса, анда Керектөө кредити жөнүндө келишим түзүлгөнгө (кол коюлганга) чейин милдеттенмелерди аткарбоодогу тобокелдиктер жана ага карата көрүлүүчү жоопкерчилик чаралары жөнүндө Карыз алуучуга кол койдуруу менен кабарлоо зарыл. Карыз алуучунун карыздык жүк жогору болгон учурдагы тобокелдиктер жөнүндө билдирүүгө электрондук кол тамга менен кол койгону милдеттенмелерди аткарбоодогу тобокелдиктер жана ага карата көрүлүүчү жоопкерчилик чаралары менен таанышып чыккандыгынын жана аларга макул экендигинин тастыктоосу болуп саналат.

3.4. Кредит боюнча талапты өткөрүп берүү Карыз алуучунун (карызгердин) макулдугу менен гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Кредит боюнча талапты өткөрүп берүү өзүнчө макулдашуу менен таризделет. Финансы-кредит уюмдары тарабынан кредиттик портфель күрөө катары берилген учурда, ушул пункттун талаптары колдонулбайт.

3.5. Кредитордун укуктары:

3.5.1. Карыз алуучу тарабынан 3.1.13 пунктунда көрсөтүлгөн укуктардын берилишине ылайык, Карыз алуучунун электрондук капчыктарынан, эсептеринен кредит боюнча карыздарды, ошондой эле техникалык үзгүлтүктөрдүн, анын ичинде үчүнчү жактардын айынан жаңылыш чегерилген акча каражаттарды чыгаруу боюнча чараларды көрүү;
3.5.2. Карыз алуучунунун өзүнөн, кредиттик бюролор аркылуу жана/же башка жол менен Карыз алуучунун жана анын жакын тууганларынын кредиттери жөнүндө маалыматтарды сурап-билүү жана алмашуу;
3.5.3.Карыз алуучу Керектөө кредити жөнүндө келишимди бузган учурда, андан негизги сумманы, пайыздарды, туумдарды жана башка кармап калууларды кошкондо, кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөөсүн талап кылуу;
3.5.4. Карыз алуучунун укуктарын начарлаткан жана/же милдеттерин көбөйткөн учурларды кошпогондо, Кредитордун сайтына жана/же Кредитордун бөлүмдөрүндөгү маалымат стенддерине бул Офертанын өзгөртүлгөн текстин жайгаштыруу аркылуу Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарын бир жактуу тартипте өзгөртүү жана/же толуктоо.
3.5.5.Карыз алуучунун финансылык абалынын начарлоо фактылары аныкталган учурда, анын ичинде Карыз алуучунун жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун же Карыз алуучунун ушул Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттенмелерин аткарууну кыйындаткан башка фактылардын негизинде жана/же мындай жагдайлардын келип чыгуу тобокелдиктери аныкталган учурда, анын ичинде Карыз алуучунун жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде Кредитор Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарын жекече тартипте өзгөртүүгө укуктуу. Өзгөртүүлөр негизги карыздын суммасына, пайыздарды чегерүү тартибине, жылдык пайыздык ченге, комиссиялык, айыптык санкциялардын өлчөмүнө жана Карыз алуучунун милдеттенмелерине тиешелүү болушу мүмкүн. Кредитор мындай өзгөрүүлөр жөнүндө Карыз алуучуга жазуу жүзүндө же макулдашылган байланыш каналдары аркылуу кабарлоого милдеттүү. Өзгөртүүлөрдү ишке ашыруу үчүн, эгерде алар Карыз алуучунун укуктарын начарлатпаган жана/же милдеттерин көбөйтпөгөн шартта, Керектөө кредити жөнүндө келишимге кошумча макулдашууну түзүү талап кылынбайт. Өзгөрүүлөр жөнүндө жана/же кредитти ошол эле мөөнөттө мөөнөтүнөн мурда төлөө жөнүндө билдирүүнү алган учурдан тартып бир календардык күндүн ичинде Карыз алуучунун жазуу жүзүндөгү каршы пикиринин жоктугу Карыз алуучунун жаңы шарттарга макул экендигин тастыктайт. Кредитти төлөөнүн жаңыртылган графигин аткаруу Карыз алуучу үчүн милдеттүү болуп саналат. Ошондой эле, бир календардык күндүн ичинде жазуу жүзүндөгү каршы пикирлерин жөнөтпөө менен Карыз алуучу бул Кредит боюнча анын доо-талаптары жок экендигине макул болот. Өзгөртүүлөр жөнүндө чечимди кабыл алуу учурунда түзүлгөн жана жөнөтүлгөн доо-талаптар бар болсо жана Карыз алуучу Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарынын өзгөргөндүгү жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин бир календардык күндүн ичинде каршы пикирин жөнөтпөсө, мындай доо-талаптар актуалдуулугун жана юридикалык күчүн жоготоруна макул болот.

3.5.6. Карыз алуучу кредит алуудан баш тарткан учурда же контролдук чалуу учурунда Карыз алуучу тарабынан кредитти тариздөөгө тастыктама берилбеген учурда, ушул Керектөө кредити жөнүндө келишимде каралган шарттарга ылайык Керектөө кредити жөнүндө келишимди бир тараптуу бузуу. Керектөө кредити жөнүндө келишим бир тараптуу бузулган учурда, Мобилдик тиркемеде Карыз алуучуга мындай бузуу жөнүндө маалыматтык билдирүү жөнөтүлөт, ал Карыз алуучунун жеке кабинетинде чагылдырылат, о.э. өзүнчө макулдашуу түзүүнүн зарылдыгы жок.

3.5.7.Карыз алуучунун профилин аныктоо боюнча кошумча иш-чараларды террордук ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарга ылайык жүргүзүү;

3.5.8. Карыз алуучу тарабынан Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруунун мөөнөтү өктөрүп жиберилгендигин жол берилген учурда Кредитордун өкүлүнө же башка адистештирилген уюмга карызды сотко чейинки өндөрүп алууга жана жөнгө салууга өз ыктыяры менен өткөрүп берүү.

3.5.9. Кредиттик рейтингди кредитти берүүнү жактыруунун баштапкы баскычында, ошондой эле кредиттин кийинки мониторингинде, аны узартууда же болбосо Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттары өзгөргөндө же кредитти кайра түзүмдөштүрүүдө берүү. МКК кредиттик рейтингди Карыз алуучуга жана Кредитордун өзүнө байланыштуу белгилүү бир мүнөздөмөлөрдү эске алуу менен берет, натыйжада Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын алкагында Карыз алуучу үчүн чектөөлөрдү киргизет.

3.5.10. Карыз алуучу тарабынан Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттенмелердин талаптагыдай аткарылышын камсыз кылуу, мөөнөтү өтүп кеткен карыздын пайда болушун жана Карыз алуучу үчүн мүмкүн болуучу терс кесепеттерди болтурбоо максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген убакыттын ичинде телефон байланышын, СМС-билдирүүлөрдү, мессенджерлерди, электрондук почтаны жана аралыктан өз ара аракеттенүүнүн башка каражаттарын колдонуу менен Карыз алуучуга карызды төлөө керектиги жөнүндө төлөм белгиленген күндөн мурунку календардык күндөн тартып төлөм жүргүзүлгөнгө чейин билдирүү. Билдирүүнүн мезгилдүүлүгү, формасы жана убактысы Кредитор тарабынан өз алдынча аныкталат.

3.5.11. Төмөнкү учурларда Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүдөн баш тартуу:

3.5.11.1. эгерде Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүгө ниеттенген адам тарабынан: мурда Кредитор менен өз ара иш алып барууда төлөмдү кечиктирүүгө жана/же төлөө шарттарын бузууга жол берилген болсо, Кредиторго репутациялык жана/же башка тобокелдиктерди жаратуучу иш-аракеттер жасалган болсо же Керектөө кредити жөнүндө келишим түзүүгө ниеттенген адам менен андан ары кызматташууда мындай тобокелдиктер жаралышы мүмкүн болгон белгилер болсо, Керектөө кредити жөнүндө келишимдин маселелери боюнча үчүнчү жактар Кредитордун макулдугусуз тартылса, кредит максатка ылайык

колдонулбагандын белгилери болсо, Керектөө кредити жөнүндө келишим Кредитордун макулдугусуз кредиттин параметрлерин изилдөө максатында же Кредитордун макулдугусуз кредит алуу процессин жарыялоо максатында түзүлүп жаткандыгынын белгилери болсо, Кредиторго потенциалдуу терс кесепеттерди алып келүүчү башка иш-аракеттер жасалса. Мында Кредитор келишим түзүүдөн баш тартуунун себептерин түшүндүрбөөгө укуктуу.

3.5.11.2. эгерде мыйзамдардын өзгөргөндүгүнөн улам бул Керектөө кредити жөнүндө келишимди аткаруу Кредиторго финансалык жана/же башка тобокелдиктерди алып келсе.

3.5.11.3. эгерде Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүгө ниеттенген адамдын кредиттик рейтинги кредит берүүнү бекитүүнүн баштапкы стадиясында Керектөө кредити жөнүндө келишимдин аткарылбай калышына тобокелдиктер бар экенин көрсөтсө же Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүгө ниеттенген адамга өтө оор (ал жеткис) финансылык жүк алып келерин көрсөтсө.

3.5.11.4. Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүгө ниеттенген адам үчүнчү жактардын кызыкчылыгында/кысымы астында иштеп жаткандыгы аныкталса.

3.5.11.5. Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүгө ниеттенген адам алкоголдук жана/же баңги затына мас абалында, аффект абалында экендигинин белгилери, Келишим түзүү учурунда жалпы кабыл алынган социалдык ченемдерге ылайык келбеген жүрүм-турумдун белгилери бар болсо.

## 4. ЖООПКЕРЧИЛИК

4.1. Карыз алуучу тарабынан Кредиторго кредитти жана/же пайыздарын төгүү кечиктирилген жана/же төгүү шарттары бузулган учурда, Карыз алуучу кредиттин негизги суммасын төгүүнүн ар бир кечиктирилген күнү үчүн Кредиторго «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерине жана шарттарына ылайык, ошондой эле Акцептте (Кредиттин жекече шарттарында) көрсөтүлгөн Жылдык пайыздык коюмга барабар өлчөмдө санкция-пайыздарын, же болбосо Акцептте (Кредиттин жеке шарттары) көрсөтүлгөн «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерине жана шарттарына ылайык бекитилген өлчөмдө айыптык санкцияларды төлөп берет. Ушуну менен бирге, кредитти кайтаруу боюнча милдеттенмелер толук аткарылганга чейин кредиттин негизги суммасы боюнча санкция-пайыздарынын кошулуп эсептелүүсү улантылат. Негизги сумманы төлөөнүн кечиктирилгени үчүн кошуп эсептелген туумдун максималдуу суммасы берилген кредиттин суммасынын 10%нан (он пайызынан) ашпоого тийиш. Демек Карыз алуучунун Кредитордун алдындагы акчалай жана/же материалдык милдеттенмелерин аныктоодо кредит күчүндө болгон бардык мезгил үчүн чегерилген үстөк айыптын (айыппулдардын, туумдун) өлчөмү берилген кредиттин суммасынын 10%нан (он пайызынан) ашпоого тийиш

4.2. Карыз алуучу бул Керектөө кредити жөнүндө келишимде жана Кредитордун учурдагы тарифтеринде каралган комиссияларды жана/же

башка төлөмдөрдү төгүүнү кечиктирген жана/же шарттарын бузган учурда, Карыз алуучу Кредиторго кечиктирилген ар бир күн үчүн төлөнбөгөн же кечиктирилип төлөнгөн комиссиялык жана башка төлөмдөрдүн, алардын ичинде Кредитордун бул Керектөө кредити жөнүндө келишимди аткаруусуна байланыштуу орду толтурулбаган чыгымдарынын суммасынан «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерине жана шарттарына ылайык, ошондой эле Акцептте (Кредиттин жекече шарттарында) көрсөтүлгөн өлчөмдө туумдарды төлөп берет.

4.3. Эгерде Карыз алуучу тарабынан аткарылган төлөмдүн суммасы кредит боюнча карызды толугу менен жабуу үчүн жетишсиз болсо, анда мыйзамдарда башка тартип каралбаган учурда, биринчи кезекте, кредит боюнча негизги сумма, анан Кредитордун Керектөө кредити жөнүндө келишимин аткаруу боюнча чегерүүлөрү, андан кийин кошуп эсептелген пайыздар, комиссиялык жана башка төлөмдөрдүн, кошулган пайыздар менен туумдардын суммасы төлөнөт. Карызды төлөөнүн бул тартиби Карыз алуучунун арызынын негизинде Кредитор тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн.

4.4. Кредитти максатка ылайык колдонбогон учурда Карыз алуучу Кредиторго Кредитордун Тарифтеринде жана/же бул Керектөө кредити жөнүндө келишимдин тиркемелеринде каралган өлчөмдөгү айыппулду төлөп берет.

4.5. Бул Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттерин аткарбаган жана/же өз убагында жана/же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Карыз алуучунун туум менен айыппулду төлөөсү аны кошуп эсептелген пайыздарды жана кредиттин негизги суммасын төлөө милдетинен бошотпойт, тактап айтканда, бул Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттерин аткарбаган жана/же өз убагында жана/же талаптагыдай аткарбаган учурда Карыз алуучу кредитти колдонгондугу үчүн «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерине жана шарттарына ылайык, ошондой эле Акцептте (Кредиттин жекече шарттарында) каралган пайыздар кредиттин толук суммасын төлөгөнгө чейин кредит боюнча негизги карыздын суммасына кошулуп эсептелет.

4.6. Карыз алуучу кредитти жана аны колдонгондугу үчүн пайыздарды төлөө боюнча милдеттерин аткарбаган учурда, Кредитор Карыз алуучунун кошумча макулдугун албай туруп, Кредитордун бул Керектөө кредити жөнүндө келишимин аткарууга байланыштуу келип чыккан чыгымдары кошулуп, кошуп эсептелген туумдар менен пайыздардын, комиссиялык жана башка төлөмдөрдүн суммасын жабуу максатында Карыз алуучунун «Мой О!» мобилдик тиркемесинде ачылган электрондук капчыктарындагы акча каражаттарынан алуу укугун кошкондо, бирок аны менен гана чектелбестен, Карыз алуучунун мүлкүнүн эсебинен төлөтүп алууга укуктуу (акцептсиз тартипте).

4.7. Карыз алуучунун жеке кабинетке кирүү мүмкүнчүлүгүн жоготушу, анын ичинде жабдуусун, сим-картасын жана жеке кабинетке кирүүнү уюштуруу үчүн зарыл болгон башка инструменттерди жоготушу Карыз алуучуну Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттенмелерин

аткаруудан, анын ичинде кредитти, пайыздарды жана Керектөө кредити жөнүндө келишимде каралган башка төлөмдөрдү өз убагында төлөөдөн бошотпойт.

4.8. Карыз алуучу кредитти кредит алууга карата өтүнмөдө жана/же Акцептте (Кредиттин жеке шарттарында) көрсөтүлгөн өз максаттары үчүн гана колдонууга милдеттенет. Үчүнчү жактардын (башка жеке адамдардын же юридикалык жактардын) кызыкчылыгында кредитти тариздөөгө жана пайдаланууга тыюу салынат. Бул милдеттенмени бузган учурда, Карыз алуучу үчүнчү жактар менен түзүлгөн иш жүзүндөгү макулдашууларга карабастан, Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча бардык милдеттенмелерди аткаруу үчүн, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, кредиттин суммасын кайтаруу, пайыздарды, комиссияларды, айыптарды, туумдарды жана башка төлөмдөрдү төлөө боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн Кредитордун алдында толук жоопкерчилик тартат. Карыз алуучу үчүнчү жактардын катышуусуна карабастан ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткаруу үчүн толук жана шартсыз жоопкерчилик тартат. Үчүнчү жактардын ар кандай аракеттери, аракетсиздиги же орунсуз жүрүм-туруму Карыз алуучуну Кредитордун алдындагы милдеттенмелеринен бошотпойт.

## 5. КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИ КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ

5.1. Керектөө кредити жөнүндө келишим аны акцепттеген учурдан тарта күчүнө кирет жана Тараптар бул Керектөө кредити жөнүндө келишимде каралган өзүнүн бардык милдеттенмелерин толук аткарган учурга чейин, анын ичинде Карыз алуучунун кредит боюнча карызы толук төлөнүп бүткөнгө чейин колдонулат.

5.2. Карыз алуучу тарабынан бул Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча милдеттенмелер, анын ичинде акча каражаттарын өз убагында кайтаруу жана тийиштүү төлөмдөрдү төлөө боюнча милдеттенмелер аткарылбаган учурда, ошондой эле бул Керектөө кредити жөнүндө келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда, Кредитор Керектөө кредити жөнүндө келишимди бузуунун болжолдолгон күнүнө чейин 3 (үч) иш күнүнөн кечиктирбестен, эгерде тийиштүү учур үчүн эле бул Керектөө кредити жөнүндө келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка мөөнөт каралбаса, Карыз алуучуга жазуу жүзүндө билдирүү менен кайсы болбосун убакытта мөөнөтүнөн мурун бир тараптуу тартипте Керектөө кредити жөнүндө келишимин бузууга жана кредиттин суммасын толук кайтарууну талап кылууга укуктуу.

5.3. Керектөө кредити жөнүндө келишим 3.5.4-пунктка ылайык, же болбосо Тараптардын жөнөкөй электрондук кол тамга же өз колу менен кол койгон жазуу жүзүндөгү өз ара макулдашуусунун негизинде өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн. Төлөө графигине гана өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүү зарылчылыгы келип чыккан учурда (маселен, кредиттин бир бөлүгүн мөөнөтүнөн мурда төккөн, кредит боюнча төгүмдүн

күнү жана/же суммасы өзгөргөн учурда), Төлөө графигине мындай өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор Кредитордун тандоосуна жараша киргизилиши мүмкүн:
5.3.1. кредиттин мөөнөтүн узартууга байланыштуу Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарын өзгөртүү үчүн төлөө фактысынын жана/же Кредитор тарабынан канааттандырылган Карыз алуучунун Төлөө графигин өзгөртүү жөнүндөгү арызынын негизинде (Карыз алуучуну жаңы Төлөө графиги менен тааныштырып чыгуу шарты менен);
5.3.2.же болбосо карыз алуучунун жеке кабинетинде узартууну ырастоо жолу менен, бул тараптардын кошумча макулдашууга кол койбостон төлөөнүн жаңы графигин макулдашуусу болуп саналат. Мындай учурда мурдагы төлөө графиги жаңы төлөө графиги түзүлгөн/кол коюлган күндөн тартып (кредитти төлөө күнү) өз күчүн жоготот, ал анын ичинде карыз алуучунун жеке кабинетинде да чагылдырылат.

## 6. ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

6.1. Тараптар бул Керектөө кредити жөнүндө келишимди аткарууга байланыштуу талаш-тартыштарды өз ара сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө милдеттеннет.
6.2. Өз ара сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынбаган ар кандай талаш–тартыштар жана пикир келишпестиктер Кредитордун Сайтында жайгаштырылган Сот өндүрүшүнүн тилин жана сотко караштуулугун аныктоо жөнүндө макулдашууну (мындан ары - Макулдашуу) түзүүгө карата Ачык офертага ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечилет, ал Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасын колдонуу менен кол коюлат жана өз колу менен кол коюлган кагаз жүзүндөгү бирдей маанидеги документ катары таанылат.
2025-жылдын 07-апрелине чейин түзүлгөн Кредиттик келишимдер боюнча, эгерде Кредитор менен Карыз алуучунун ортосунда түзүлгөн өзүнчө Макулдашуу жок болсо, талаш-тартыштарга Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында белгиленген өзгөчө сотко караштуулук колдонулган учурларды кошпогондо, Кредитор Карыз алуучуга карата доолорду Кредитордун тандоосу боюнча Бишкек шаарынын райондук сотторуна же Карыз алуучунун жашаган же жайгашкан жери боюнча берүүгө укуктуу. Карыз алуучу Кредитордун жайгашкан жери боюнча гана кредиторго карата доо коюуга укуктуу.
6.3. Тараптар бул Керектөө кредити жөнүндө келишимдин шарттарын аткарууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алат.

## 7. КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИН БАШКА ШАРТТАРЫ

7.1. Сырсөз, код жана башка идентификаторлорду колдонуу жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу катары кабыл алынат. Жөнөкөй электрондук кол тамга өз колу менен коюлган кол тамганын аналогу болуп эсептелет. Карыз алуучу тарабынан жөнөкөй электрондук кол тамганын коюлушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол койгондой эле юридикалык кесепеттерди жаратат. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу аркылуу Офертаны

акцепттөөсү, башкача айтканда Керектөө кредити жөнүндө келишимге кол коюусу жөнөкөй жазуу жүзүндөгү ишке ашырылган бүтүм менен барабар болуп, Карыз алуучунун кол тамгасы менен тастыкталган кагаз ташуучудагы акцепт менен бирдей эле юридикалык күчкө ээ болот.
7.2. Карыз алуучу Кредитор тарабынан каалаган кредиттик бюродон жана/же башка кишиден, анын ичинде мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардан, жана/же жеткиликтүү болгон бардык башка булактардан Карыз алуучу жөнүндө маалыматты, анын ичинде анын кредиттик тарыхчасы, кирешеси жана мүлкү жөнүндө, ошондой эле башка керектүү маалыматтарды алуусуна шексиз макулдугун берет, ошондой эле Карыз алуучу Кредитор тарабынан кийин финансы-кредиттик мекемелердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдонуусу үчүн Карыз алуучу жөнүндө маалыматтын, анын ичинде Кредиттин суммасы, мөөнөтү, камсыздоонун түрлөрү (бар болгон учурда) жана Кредитке байланыштуу башка керектүү маалыматтардын кредиттик бюролорго берилишине шексиз макулдугун берет.
7.3. Карыз алуучу мамлекеттик кызмат адамы, мамлекеттик кызматкер же мындай кишилердин жакын тууганы болгон учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга мыйзамдардын талаптарына ылайык анын эсептери, ипотекалык кредиттери кошулуп, алган кредиттери жөнүндө маалыматтын берилишине шексиз макулдугун берет.
7.4. Тараптар бул Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу үчүн жоопкерчиликтен, эгерде ал жер титирөө, суу ташкыны, өрт, согуш жана согуш аракеттери, же Тараптардын эркине көз каранды болбогон башка жагдайлар сыяктуу жеңилгис күчтөрдүн жагдайларынан улам келип чыккан болсо, бошотулат. Тараптар жеңилгис күчтөрдүн жагдайлары башталган учурдан тартып эки иш күндүн ичинде бул окуя тууралуу бири-бирине жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттүү. Көрсөтүлгөн жеңилгис күчтөрдүн жагдайларынын бар болгонунун жана алардын аракети уланып жатканынын далили болуп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык компетенттүү органдары тарабынан берилүүчү маалымкаттар жана башка документтер эсептелет. Жеңилгис күчтөрдүн жагдайлары пайда болгон учурда Тараптардын бул Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруунун мөөнөтү ушундай жагдайлар күчүндө болуп турган убакытка жараша жылдырылат. Эгерде жеңилгис күчтөрдүн жагдайлары катары менен эки айдан ашык уланып жатса, Тараптардын ар бири бул Керектөө кредити жөнүндө келишимди бузууга чейин 2 (эки) аптадан кечиктирбестен билдирүү менен бул Керектөө кредити жөнүндө келишимин бузууга укуктуу. Форс-мажордук жагдайлардын башталышы ал башталган учурдан тартып бул Керектөө кредити жөнүндө келишимдин 4.2-п. каралган милдеттенмелерди аткарбоо үчүн жоопкерчиликтен Карыз алуучуну бошотот, бирок бул Керектөө кредити жөнүндө келишимде белгиленген пайыздарды төлөө жана

Кредиторго алган Кредиттин негизги суммасын кайтаруу боюнча милдеттен бошотпойт.

7.5. Кредит Карыз алуучунун макулдугу жок кредиттердин портфелине киргизилиши ыктымал. Ал боюнча талап кылуу укугу башка киши тарабынан кредит берүүдө күрөө сыпатында кабыл алынышы мүмкүн.

7.6. Карыз алуучу көз жумган учурда, анын Керектөө кредити жөнүндө келишим боюнча укуктары менен милдеттери анын мураскоруна (мураскорлоруна) өтөт.

7.7. Карыз алуучу каттоо дареги жана иш жүзүндөгү жашаган дареги ( алар айырмаланган учурда), ошондой эле Кредитке өтүнмөдө жана/же Акцептте көрсөтүлгөн Карыз алуучунун электрондук дареги актуалдуу экендигин, жана бул даректердин бири аркылуу жөнөтүлгөн Кредитордун кабарлоолорун кошо алганда, ар кандай кат-кабар, анын ичинде Карыз алуучунун милдеттенмелеринин аткарылгандыгы же аткарылбагандыгы жөнүндө кабарлоолор тиешелүү түрдө жеткирилди деп эсептеле тургандыгын ырастайт. Эгерде Карыз алуучу даректин жана/же электрондук даректин алмашкандыгы тууралуу белгиленген тартипте Кредиторго билдирбесе, Кредиторго белгилүү болгон акыркы дарек жана/же электрондук дарек боюнча жөнөтүлгөн кайсы болбосун кат-кабар тиешелүү түрдө жеткирилди деп эсептелет. Кат-кабар Карыз алуучунун каттоо дареги боюнча же анын акыркы белгилүү болгон жашаган жеринин дареги боюнча жеткирилиши мүмкүн же почта аркылуу жөнөтүлүшү мүмкүн. Эгерде кат-кабар почта аркылуу жөнөтүлгөн учурда, Карыз алуучу билдирүүнү чындыгында алганына же албаганына карабастан, билдирүү Карыз алуучуга кат-кабарды почта аркылуу жеткирүүнүн кадимкидей тартибине ылайык мөөнөттө жеткирилген деп эсептелет. Кабарлоолорго жана башка кат-кабарларга Кредитордун ыйгарым укуктуу адамдарынын автоматташтырылган каражаттарды (факсимиле) колдонуу менен кайра чыгарылган өз колу менен коюлган кол тамгаларынын жана Кредитордун мөөрүнүн аналогдору менен кол коюлушу мүмкүн, аларды Тараптар Кредитордун өз колу менен койгон кол тамгасына жана мөөрүнө барабар деп таанышат. Кредитор кол тамгалары көрсөтүлгөн ыкма менен кайра коюлган адамдардын ыйгарым укуктарын тастыктайт, ал эми Карыз алуучу ушундай жол менен кол коюлган Кредитордун кат-кабарын, анын ичинде милдеттенмелердин аткарылбагандыгы жөнүндө кабарлоолорду тиешелүү түрдө таризделди деп тааныйт.

7.8. Керектөө кредити жөнүндө келишимде орун албаган шарттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ишкер жүгүртүм каадаларына ылайык жөнгө салынат.

7.9. Карыз алуучу пайда болгон бардык маселелер боюнча Кредиторго кайрыла алат же 0702000405/9999

7.10. телефон номери аркылуу күнү-түнү иштеген Контакт-центрге кайрыла алат.

Карыз алуучунун мобилдик түзүлүшүнө жөнөтүлгөн кодду киргизүү аркылуу Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлду.